Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлиги

Ж. Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университети

Министерство образования и
науки Кыргызской Республики

Кыргызский национальный
университет им. Ж. Баласагына

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2023-ж. 6-сентябрь №380 Бишкек ш.

**Штаттык тизимге өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар Кеңешинин 2023-жылдын 30-августундагы отурумунун № 10, Көзөмөлчүлүк кеңешинин 2023-жылдын 6-сентябрындагы отурумунун № 4/4-3 протоколдорунун көчүрмөлөрүнүн негизинде жана окуу-тарбия процессин оптималдаштыруу максатында **буйрук кылам:**

1.Журналистика жана коммуникация институтунун базасында 2023-жылдын 1-сентябрынан **Медиамектеп, Медиа изилдөөлөрдүн илимий борбору, Өндүрүштүк-продюсердик борбор ачылсын.**

2. Журналистика жана коммуникация институтунун борборлорунда төмөнкү штаттык бирдиктер ачылсын:

- Медиа изилдөөлөрдүн илимий борборунун **илимий кызматкери - 1,0 штаттык бирдиги 2023-жылдын 1-сентябрынан киргизилсин** (эмгек акысы институтта ишке ашырылган долбоорлордун негизинде төлөнсүн);

- Өндүрүштүк-продюсердик борбордун **директору – 1,0 штаттык бирдиги 2023-жылдын 1-сентябрынан киргизилсин** (эмгек акысы институтта ишке ашырылган долбоорлордун негизинде төлөнсүн).

3. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин журналистика жана коммуникация институтунун «Медиа мектеби жөнүндө», «Медиа изилдөөлөрдүн илимий борбору жөнүндө», «Өндүрүштүк-продюсердик борбор жөнүндө» Жоболор бекитилсин.

4. Журналистика жана коммуникация институтунун директору Ш.А. Костюк Медиамектепти, Медиа изилдөөлөрдүн илимий борборун, Өндүрүштүк-продюсердик борборун өнүктүрүүнүн концепциясын жана иш пландарын иштеп чыгып, 2023-жылдын 1-ноябрына чейин бекитсин.

5. Пландоо-финансы бөлүмү жана кадрлар башкармалыгы журналистика жана коммуникация институтунун штаттык тизимине 2023-жылдын 1-сентябрынан тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизсин.

Сканировано с CamScanner